Эгерде адамдар зулум кылып жаткан адамды көрүп, анын колунан кармап токтотпосо, Аллах Таала ал үчүн баарын чогуу жазалап коюусу мүмкүн

Абу Бакр Сыддык (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Эй, адамдар! Силер Аллах Тааланын: "Эй, ыймандуу пенделер! Өзүңөргө сак болгула! Эгер туура жолго түшкөн болсоңор, анда адашкандар силерге зыян тийгизе албайт..." деген аятын окуп жүрөсүңөр. Мен Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканын укканмын: "Эгерде адамдар зулум кылып жаткан адамды көрүп, анын колунан кармап токтотпосо, Аллах Таала ал үчүн баарын чогуу жазалап коюусу мүмкүн".

[Сахих (ишенимдүү)] [Абу Дауд, ат-Тирмизи, ан-Насааи "Ал-Кубро" китебинде жазып калтырган жана Ибн Маажа менен Ахмад да жазып калтырган]

Абу Бакр Сыддык (ага Аллах ыраазы болсун) адамдар төмөнкү аятты окуп жүрүшкөнүн айтат: "Эй, ыймандуу пенделер! Өзүңөргө сак болгула! Эгер туура жолго түшкөн болсоңор, адашкандар силерге зыян тийгизе албайт..." (Маида, 105-аят). Бул аятты адам өз жанын сактаса болду, ал өзү ыйманга келгенден кийин башкалардын адашканы ага зыянын тийгизбейт, ал башкаларды жакшылыкка чакырып, жамандыктан тыюуга буйрулган эмес деп түшүнүшөт... Анан аларга анын мааниси андай эмес экенин үйрөтүп, Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) укканын айтат: Эгер адамдар заалым адамды көрүп, аны тыюуга кудурети болуп туруп, аны зулумдуктан тыйбаса, Аллах Таала алардын баарын чогуу азаптап коюшу жакын болот. Жаман иш кылганды жаман иши үчүн, ага унчукпаганды унчукпаганы үчүн.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/3470